


# *«Билимиңе - жөлөк болсун,*
# *Дилиңе - өбөк болсун!»*

**Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын декадасы**
**2022-2023-окуу жылы**
**Мөөнөтү: 23.09 – 04.10.2022**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ

**Кыргыз Республикасынын Гимни**

**Ак мөңгүлүү аска, зоолор, талаалар,**
**Элибиздин жаны менен барабар.**
**Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,**
**Сактап келди биздин ата-бабалар!**

**Кайырма:**

**Алгалай бер, кыргыз эл,**
**Азаттыктын жолунда.**
**Өркүндөй бер, өсө бер,**
**Өз тагдырың колунда.**

**Аткарылып элдин үмүт тилеги,**
**Желбиреди эркиндиктин желеги.**
**Бизге жеткен ата салттын, мурасын,**
**Ыйык сактап урпактарга берели.**

**Кайырма:**
**Алгалай бер, кыргыз эл,**
**Азаттыктын жолунда.**
**Өркүндөй бер, өсө бер,**
**Өз тагдырың колунда.**

## “23-сентябрь мамлекеттик тил күнү”

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ

**КЫРГЫЗ ТИЛ ГИМНИ**

**Тил жаралып, Көкө-Тенир таңынан**
**Адамзаттын дөөлөтүнө буйруган.**
**Адам деген түп сөзүнөн элимдин**
**Кыргыз тили ай-ааламга жаңырган.**

**Кыргыз тили жүрөгүм,**
**Манас Ата туу туткан!**
**Кыргыз тили Мекеним,**
**Менин өлкөм Кыргызстан!**

**Мекен тили Ата Журттун кареги**
**Биримдиги күч кубаттын тиреги**
**Мекен тили куттуу кыргыз элимдин**
**Көкүрөккө согуп турган жүрөгү.**

**Кыргыз тили жүрөгүм**
**Манас Ата туу туткан**
**Кыргыз тили Мекеним**
**Менин өлкөм Кыргызстан**

**Мекен тилин ыйык тутуп сактайлы.**
**Мекен тили бак таалайдын кутманы.**
**Мекентили кан жаныбыз, туубуз**
**Атажурттун келечеги, ак таны.**

**Кыргыз тили жүрөгүм**
**Манас Ата туу туткан**
**Кыргыз тили Мекеним**
**Менин өлкөм Кыргызстан!**

## “23-сентябрь мамлекеттик тил күнү”

# Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын планы

| № | Иш чаранын аталышы | Мугалимдин аты - жөнү | Күнү |
|---|---|---|---|
| 1. | "23-сентябрь мамлекеттик тил күнү" | Айбашова С.А. | 23.09 |
| 2. | «Эне тилим – ыйык туткан сыймыгым,<br>Бабалардан жете келген сыйлыгым».<br>(Мелдешүү) | Умурзакова Г.А. | 26.09 |
| 3. | Элдин эң чоң байлыгы – анын тили.<br>М.А. Шолохов<br>(Ролдоштуруу) | Ниязова Б.М. | 26.09 |
| 4. | «Тилсиз элдин тукуму курут болгон,<br>Тилин сактап калган эл улут болгон».<br>(Аукцион) | Джумалиева Ж.А. | 27.09 |
| 5. | Тил – элдин тарыхы, өткөндүн күбөсү, чындыктын жарыгы, турмуштун устаты, эски замандын жарчысы.<br>(Конференция) | Исаева Э.А. | 27.09 |
| 6. | «Улуу муундун сабагын таанып билип жашагын,<br>Улуу муундун сабагын аңдап билип жашагын».<br>(Тегерек стол) | Томоева Г.Т. | 28.09 |
| 7. | «Мезгилди сен баалагының,<br>Мезгилди сен талдагының,<br>Мезгилди сен сыйлагының…»<br>(Изилдөө) | Ачакеева Н.А. | 29.09 |
| 8. | «Мезгилдин улуусу бар, кичүүсү бар<br>Мезгилде уюп жаткан чоң кут да бар».<br>(Викторина) | Конурбаева Д.К. | 29.09 |
| 9. | «Табият таануу ырыстын киндиги,<br>Билим алуу ырыстын тизгини».<br>(Телемост) | Айбашова С.А. | 30.09 |
| 10. | Касиет жолду танда, көктөмдү жана сулууну дайым баала.<br>(Дидактикалык оюн) | Бектен кызы Айгуль | 28.09 |
| 11 | «Табигат белек тартуулайт,<br>Тарбия кылып таңуулайт».<br>(Поэзия кечеси) | Усенова Р.К. | 30.09 |
| 12. | «Баардык жаратылыш кубулуштары өзүн-өзү сактоого умтулат».<br>(Саякат) | Мамытова Э.А. | 04.10 |

**Окуу бөлүмдүн башчысы: Усенова Р.К.**
**Кафедра жетекчиси: Томоева Г.Т.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ

## 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө арналган адабий кече




**Жооптуу: Айбашова С.А.**









**Жооптуу: Айбашова С.А.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ

Эне тилим – ыйык туткан сыймыгым,
Бабалардан жете келген сыйлыгым.
Тамчы суудай бапестелип сакталган,
Жүрөгүмдөн түнөк алган ыйыгым.



Мелдеш сабагы
Жооптуу: Умурзакова Г.А.

Умурзакова Гулира Алымкуловна окуучуларга тапшырмаларды берди. Берилген тапшырманын жыйынтыгын баяндап берүүгө өбөлгө түздү. Азыркы учурдун талабы болгон жаңы технологиянын өсүп жатканын да эске алып, өсүп келе жаткан муундарга шарт болуусун ойлонуп иреттик менен тапшырма берди.

Ар бир класстан өкүл шайлады, алар презентациялоо аркылуу ар бир тайпа өз тапшырмаларын чыгармачылык менен көргөзө алышты.

7-класстын окуучулары жаш курагына жараша маалымат алышты, бири-бирине өз өнөрлөүн, билгендерин көрсөтүштү.

Мугалим алдыга коюлган максаттарына жетти.

Балдар жагымдуу маанайда болду.











**Мелдеш сабагы**
**Жооптуу: Умурзакова Г.А.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ

**«Элдин эң чоң байлыгы – анын тили».**

**М.А. Шолохов**



**Ролдоштуруу сабагы**
**Жооптуу: Ниязова Б.М.**

Окуучулардын мелдештеги жыйынтыктары, максаттын ишке ашышын текшерүү үчүн баалоо критерийлерин талдоонун негизинде сабак максатына жетти. Сабакта окутуунун дидактикалык жана гигиеналык талаптары аткарылды.

Окуучулар сабакка болгон кызыгуусун сабактын башынан аягына чейин көрсөтүштү, мелдеш аркылуу берилген тапшырмаларды аткарууда активдүү болушту. Бири - бири менен атаандашып иштешти.

Сабак калыптандыруучу баалоо ыкмаларын колдонуу менен окуучуларды демилгелөө, мактоо жана кубаттоо аркылуу эмоционалдык жакшы маанайда өттү.

Бул иш-чараны өтүүдө жаңы технологиянын жардамы чоң мааниге ээ болду. Иш-чаранын максатында көрсөтүлгөндөй, окуучула өз эне тилин – мамлекеттик тилди билүү менен чет элдин маданиятынан дагы аз болсо дагы маалыматтарды алышты.

Оозеки кебин калыптандыруу, сөз байлыгын өстүрүү максатында ырларды жатташты, берилген суроолорго жооп беришти.









**Ролдоштуруу сабагы**
**Жооптуу: Ниязова Б.М.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



«Тилсиз элдин тукуму курут болгон,
Тилин сактап калган эл улут болгон».

(Аукцион сабагы)

**Жооптуу: Джумалиева Ж.А.**

Окуучулардын  иш аракеттеринин жыйынтыктары менен сабактын максаттуу ишке ашышын текшерүү үчүн баалоо критерийлерин  талдоонун негизинде сабак максатына жетти.

Сабакта окутуунун дидактикалык жана гигиеналык талаптары аткарылды. Окуучулар сабакка болгон кызыгуусун сабактын башынан аягына чейин көрсөтүштү, аукцион сабак  аркылуу берилген тапшырмаларды аткарууда активдүүлүктү көрсөтө алышты. Бири- бири менен атаандашып иштешти.

Сабак калыптандыруучу баалоо ыкмаларын колдонуу менен окуучуларды демилгелөө, мактоо жана кубаттоо аркылуу эмоционалдык жакшы маанайда өттү. Бул иш-чараны өтүүдө бул технологиянын жардамы чоң мааниге ээ болду.

Иш-чаранын максатында көрсөтүлгөндөй, окуучулар өз эне тилинин улуулугун, ыйыктыгын, тилибиз тарыхыбыздын негизги куралы экендигин түшүнүштү.

Оозеки кебин калыптандыруу, сөз байлыгын өстүрүү максатында ырларды жатташты, берилген суроолорго жооп беришти. Жыйынтыгында топтолгон (акчанын) негизинде  көп “акча” чогулткан балага сыйлык берилди.

Сабак өткөрүүдө мугалим астына койгон максатына жетти.









(Аукцион сабагы)

**Жооптуу: Джумалиева Ж.А.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



Тил – элдин тарыхы, өткөндүн күбөсү, чындыктын жарыгы, турмуштун устаты, эски замандын жарчысы.

(Конференция сабагы)

**Жооптуу: Исаева Э.А.**

Бул иш чаранын башкы максаты эне тилибиздин туулган күнүнө карата 9-класстын окуучуларын кызыктыруу, үйрөтүү, таанытуу, шыктантуу, ойлонтуу иретинде жыйын(чогулуш) алып баруу эле.

Окуучулага жекече тапшырмаларды берүү алардын изденүүсүнө жол ачат. Бири – бирине айтуу, баяндоо менен өзү үчүн да маалымат алат. Жалпы теңтуштарынын айтып, көрсөтүп жатканын угуу жана өзүнүн досунун баяны кызыктуу сезилет. Кандай сүйлөп берет деген кызыгуу сөзсүз туулат.

Ар бир класстан өкүл презентациялоо (доклад) аркылуу тилдин тарыхына кеңири токтолуп айтып кетишти. Иш чаранын экинчи баскычына кыргыз тилинин тарыхы камтылды. Андан кийин кыргыз тилинин грамматикалык өзгөчөлүгүнө азыраак баяндоо жүргүзүлдү.

Кийинки бөлүмгө кыргыз тили жана адабиятын түптөгөн улуу инсандарды эскерүү менен иш чараны жыйынтыктоого жетишишти. Окуучулардын эсинде кандай сакталып калгандыгын билүү максатында викториналык суроолор менен бышыкталды.

Тогузунчу класстын окуучулары жаш курагына жараша маалымат алышты, бири-бирине тилдин тарыхынан айтып берүүгө үлгүрүштү.

Иш чараны өткөрүүдө мугалим максатына жетти. Балдар жагымдуу маанайда болду.









(Конференция сабагы)

**Жооптуу: Исаева Э.А.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



«Улуу муундун сабагын таанып билип жашагын,
Улуу муундун сабагын аңдап билип жашагын»

(Тегерек стол)

**Жооптуу: Томоева Г.Т.**

Мугалим тарабынан сабакка коюлган бардык максаттар жана дидактикалык тапшырмалар аткарылды. Сабактын мазмуну оптималдуу болду, коюлган методдору - оозеки, визуалдык.

Томоева Г.Т. сабакты ар түрдүү формаларын колдонуу менен окуучулардын кызыгуусун ойготту. Натыйжага жетүүгө, көйгөйлүү суроолорду берүү менен окуучулардын ой жүгүртүүсүн кеңейтти.

Сабактын темасын балдар өздөрү түзүп, эмне экенин аныкташты.

Класста жагымдуу атмосфера түзүлдү, окуучулар сабакка активдуу катышышты.

Сабактын бардык этаптары логикалык жактан өз ара байланышта болду. Сабактын түзүлүшү, этаптары, убакытысы, мазмуну максаттарына ылайык келди.

Сабакта окуучулар өз ара текшерүү, угуу, оозеки кароо, оозеки рефлексия колдонушту.

Окуучулар байкоолордун негизинде бири-биринин артыкчылыктарын, алардын сунуштарын, тилдеги өзгөрүүлөрдүн себептерин, сабактын көйгөйүн аныктап, кайсы билимди жана иш-аракеттин методдорун активдештирүүсүн билдиришти.

Сабак абдан жагымдуу атмосферада өткөрүлдү. Мугалим сабакка койгон максатына жетти.

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



«Мезгилди сен баалагының,
Мезгилди сен талдагының,
Мезгилди сен сыйлагының...»

(Изилдөө сабагы)

**Жооптуу: Ачакеева Н.А.**

Окуучулар өздөрүнө бөлүнгөн темалардын алкагында чакан изилдөө жүргүзүшүп, атайын презентация даярдап келишти, ар бир класстан тандалган окуучулардын бардыгы тең сабакка активдүү катышып, өздөрүнун билим деңгээлин көргөзө алышты.

Мезгил, Убакыт, Өмүр, Ирмем – деген теманын алкагында окуучулар өз ойлорун айтып беришти.

Мезгилдин өтүүсү менен кийинки муун өз тилин, адебин, наркын, баалуулугун жоготуп бараткандай. Буга улуу поэт Анатай Өмүркановдун жан дүйнөсүндө чырылдаган чындыкты ырларында кашкайта сүрөттөйт. Анын “Секет айылым” деген ырынан мисал катары узүндү окуучулар көркөм айтып беришти.

Сабактын өнүктүрүүчүлүк, тарбиялык мааниси бийик деңгээлде болуп, көркөм табиттин калыптануусуна мугалим тарабынан окуучулардын жашына карата шарт түздү.

Мугалим алдыга коюлган максатына жетти.







(Изилдөө сабагы)

**Жооптуу: Ачакеева Н.А.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ










«Мезгилдин улуусу бар, кичүүсү бар
Мезгилде уюп жаткан чоң кут да бар».

(Викторина)

**Жооптуу: Конурбаева Д.К.**

Окуучулар кыргыз тилинин өнүгүшүнө кошкон инсандар жөнүндө маалыматтарды окушту. Берилген суроолор окуучуларга кызыктуу жана көйгөй жараткан суроолор катары тузулгөндүгү окуучуларды кызыктырды.

Айтылган макал-ылакаптар, алардын мааниси окуучуларды кызыктырды. Кээ бир макалдардын маанисин окуучулар талкуууга алып жатышты. Бул темада Манастын 3-чү осуяты камтылган.

Сабакка 11-класстын окуучулары катышышты. Сабакка жакшы даярдык менен келишкен. Тема боюнча көйгөй жаратуучу суроолор окуучуларды абдан кызыктырды, анткени окуучулар кыргыз тилине өз салымдарын кошкон инсандар жөнүндө көп биле алышкан эмес, бул сабактан кийин окуучулар кыргыз тилине өтө чоң маани берерин далилдешти.

1. Окуучулар маалымат боюнча иштей алышат
2. Мугалим жана бири-бири менен сүйлөшө алышат
3. Берилген суроолорго так жооп бере алышат
4. Кыргыз тилинине өз салымдарын кошкон инсандар жөнүндө билишет

Колдонулган каражаттар: китептер, макал-ылакаптардын жыйнагы, ТСО, сүрөттөр

Сабак өз максатына жетти. Белгилүү инсандар жөнүндө көа маалыматтарды алышты









(Викторина)

**Жооптуу: Конурбаева Д.К.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



«Табият таануу ырыстын киндиги,
Билим алуу ырыстын тизгини».

(Телемост)

**Жооптуу: Айбашова С.А.**

Сабактын уюштурулушу, структурасы, этаптары толугу менен сакталды. Балдар кызыгуу менен иштешти жана активдүүлүк көрсөтүштү.

Кыргызстандын Ысык –Көл жана Чүй аймагынын кооз жерлеринин өсүмдүктөр жана жаныбарларын изилдешип, аларды кантип коргоонун жолун издешти.

Заманбап технология интернет аркылуу алардын сүрөтүн көрүштү.

Сабактын психологиялык атмосферасы жагымдуу болду.

Сабак өз максатына жетти.

Эске алына турчу кемчиликтер: айрым окуучулардын пассивдүүлүгү сабакты даярдоого аз убакыт берилгени болду.

Кийинки класстан тышкаркы сабактарда жана иш-чараларды эске алуу менен дагы жандуу жана заманбап сабактарды өтүп, балдар менен иштөөгө сунуш айтылды.









(Телемост)
**Жооптуу: Айбашова С.А.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



«Касиет жолду танда, көктөмдү жана сулууну дайым баала».

(Дидактикалык оюну)

**Жооптуу: Бектен кызы Айгуль**

Окуучулар теманы түшүнүп, тема боюнча ой жүгүртүп кыргыз тилине болгон мамилесин өзгөртүшөт. Балдардын аң сезиминде эне тилине болгон жылуу мамиленин өсүшү.

Сабакка 4-а жана 4-б  класстарынын окуучулары катышышты..

Кыргыз тилине жана кыргыз элинин каада-салттарына карата жакшы мамилени тарбиялоодо, окуучулардын тилин жатыктыруу; суроолорго так жооп берүү.

Окуучулар сөзмөрлөр, угуучулар, көрүүчүлөр

Мугалим сабакка тематикалык сүрөттөр, акындардын ыр саптарынан үзүндү колдонду.

Мугалим сабак планын түзүүдө, башталгыч класстын окуучуларынын материалды кабыл алуусун, угуу, туюу, көрүү сезимдеринин калыптанышына, билим деңгээлдерин жана психологиялык өзгөчлөүктөрү эске алып төмөнкү максаттарды коюлган:

- Кыргыз тилинин баалуулугу жана аны өнуктүрүү сүйүү жөнүндө баяндама жасоо;
- Окуучулардын тилин жатыктыруу; тилге карата мамилесин өзгөртүү;
- Тилди сүйүүгө, урматтоого; кыргыз тилине  жана кыргыз элинин каада-салттарына карата жакшы мамилени тарбиялоо;

Сабактын бардык этаптары логикалык өз ара байланышта болду. Алгач окуучулар өз ара жаттаган ырларын айтып беришти, андан кийин топко бөлүнүп бири – бири менен макал айтышышты.  Андан кийин окуучулар кыргыз тилин канткенде өнүктүрөбүз деген маселенин алкагында ойлорун айтышты.

Сабак өз максатына толук  жетти








(Дидактикалык оюну)

**Жооптуу: Бектен кызы Айгуль**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ

«Табигат белек тартуулайт,
Тарбия кылып таңуулайт».



(Поэзия кечеси)

**Жооптуу: Усенова Р.К.**

Сабакта, мугалим Усенова Р.К. 10-классында өткөрүлгөн «Табигат белек тартуулайт, тарбия кылып таңуулайт» деген темада театрлаштыруу элементтери менен класстан тышкаркы окуу сабагы өттү. Сабактын максаттарын жана милдеттерин коюуда биринчи кезекте окуу материалынын өзгөчөлүгүн жана окуучулардын даярдыгынын деңгээлин эске алынган.

Мугалимдин негизги максаты – өз оюн ынанымдуу жана сабаттуу айтуу жөндөмүн өнүктүрүү; ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү, өз көз карашын далилдөө; тилдин байлыгын өздөштүрүү, окуучулардын сөз байлыгын кеңейтүүнү камтыган сүйлөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу.

Сабактын бардык этаптары олуттуу ойлонуштурулган жана даярдалган. Бул сабак стандарттуу эмес сабактардын бири болгондуктан, окуучулардын көңүлүн бура турган, активдүүлүгүн активдештирип, ойлондурган, изденүүчү, аракет кылгандай жаңы нерселерди Усенова Р.К. киргизе алды.

Сабак окуучулардын кызыгуусун, башкача айтканда, мотивациясын, активдүүлүгүн сактоого жардам берген ар кандай иштин формаларын колдонуу менен өзгөчөлөндү.

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



«Баардык жаратылыш кубулуштары өзүн-өзү сактоого умтулат».

(Саякат сабагы)

**Жооптуу: Мамытова Э.А.**

Окуучулардын саякаттоодогу жыйынтыктары, максаттын ишке ашышын текшерүү үчүн баалоо критерийлерин  талдоонун негизинде сабак максатына жетти.

Сабакта окутуунун дидактикалык жана гигиеналык талаптары аткарылды.Окуучулар сабакка болгон кызыгуусун сабактын башынан аягына чейин көрсөтүштү,саякаттоо аркылуу берилген тапшырмаларды аткарууда активдүү болду. Бири-бири менен ынтымакташып иштешти.

Сабак калыптандыруучу баалоо ыкмаларын колдонуу менен окуучуларды демилгелөө, мактоо жана кубаттоо аркылуу эмоционалдык жакшы маанайда өттү.

Бул иш-чараны өтүүдө бул технологиянын жардамы чоң мааниге ээ болду.

Иш-чаранын максатында көрсөтүлгөндөй, окуучулар “Жаратылыш кубулуштары” жөнүндө аз болсо дагы маалыматтарды алышты. Оозеки кебин калыптандыруу, сөз байлыгын өстүрүү максатында ырларды жатташты, берилген суроолорго жооп беришти ырларды, макалдарды айтышты жана табышмактын жандырмагын табышты.









(Саякат сабагы)

**Жооптуу: Мамытова Э.А.**

2022-жылдын 23-сентябрьнан 4-октябрына чейин мамлекеттик тил кафедрасынын предметтик декадасы болуп өттү.

Окуучуларды жана чыгармачылык тапшырмаларды даярдоодо балдардын жаш өзгөчөлүгү эске алынган. Ар бир иш-чара алдыга коюлган милдеттерди ишке ашырууга багытталган.

**Предметтик декаданын максаттар:**

- Предметтик жумалыктын иш-чараларын даярдоого жана өткөрүүгө катышуу аркылуу окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүн активдештирүү.
- Окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн ар кандай деңгээлдеги жана ар кандай курактагы топтордо иштөө аркылуу калыптандыруу.
- Чыгармачылык жөндөмү бар окуучуларды аныктоо.

**Жүргүзүү формалары:** интеллектуалдык оюн, ачык сабактар, стенгазета, тема боюнча КВН, чыгармачылык семинар.

23-сентябрьда мамлекеттик тил кафедрасынын предметтик декадасынын салтанаттуу ачылышы болду.
Кыргыз тили жана адабият мугалими Айбашова С.А. тарабынан «Кыргыз тилим, дилим менин» аттуу көркөм окуу сынагын уюштурду. Окуучулар кызыгуу менен катышышты, аягында ардак грамоталар менен сыйланышты.

Бардык мамлекеттик тил кафедрасынын мугалимдери, кафедранын жыйынында талкууланып түзүлгөн план боюнча ачык сабактарын жогорку деңгеелде өткорүштү. Сабактарда заманбап критикалык ой жүгүртүү технологияларын, ар кандай формада, тематикалык презентацияларды, сүрөттөрдү, акындардын учкул сөздөрү аркылуу окуучулардын ой жүгүртүүсүн жана сүйлөө кебин өркүндөттү менен мугалимдер алдыга коюлган максаттарга жетишти.

Предметтик декадада мамлекеттик тил мугалимдери жакшы уюштуруучулук жөндөмдөрүн көрсөтүштү:
- майрамдык атмосфераны түзө билүү;
- окуучулар предмет боюнча жакшы билимин ар кандай кырдаалдарда колдоно билүүнү, өз ара жардамдашууну, татаал маселелерди өзгөчө чечүүнү көрсөтүштү;
- предметтик декаданы өткөрүүнүн кызыктуу ар кандай салттуу эмес формалары студенттердин чоң кызыгуусун жаратып, катышуучулардын санын көбөйттү.

**Сунуштар.**

**1. Күнүмдүк сабактарда да окуучулардын чыгармачылык иштерин көрсөтүүнүн эң кызыктуу формаларын табуу.**

**2. Иш-чараларды даярдоодо жана өткөрүүдө алдын ала пландаштырууда тарбиялык милдеттерге өзгөчө көңүл буруу.**

**3. Чыгармачылык иштин ар кандай формаларын кенири колдонуу.**

**Окуу бөлүмдүн башчысы: Усенова Р.К.**
**Кафедра жетекчиси: Томоева Г.Т.**